**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу-таанышуу, кесиптик таанышуу, ондуруштук практикадан откоруу боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "02" ноябрь 2020 ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Г. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана „Учебный центр „Прогресс Плюс" жоопкерчилиги чектелген коому жетекчиси Т.Т. Кенжебаева

Мындан ары "Ишкана", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. № 425 токтомуна ылайык "Окуу-таанышуу, кесиптик таанышуу, өндүрүштүк практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Колледж студенттерди адистике калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

**2. "Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Эл аралык билим беруу программалары колледжинин "котормо иши" адистигинин студенттерин практикадан өтүү үчүн календардык планга ылайык 15 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. ОшМУнун Эл аралык билим беруу программалары колледжинин "котормо иши" адистигинин студентгерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

Scanned with CamScanner

2.4. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.5. Окуу - таанышуу, кесиптик-таанышуу жана өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.6. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20_20_ - жылдын _ноябрь_ 20_23_-жылдын _декабрь_ айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Ишканада" сакталат.

Ош мамлекеттик университети

723510 Ош шаары Ленин көч.331

ИНН 0207199610017

**ОшМУнун ректору,**

**профессор К. Г. Кожобеков**

________________________

Тараптардын дареги

„Учебный центр

„Прогресс Плюс" ННК

инн ...026

директор: ... Т.П.

________________________